3.1.

**Ж.Баласагын атындагы орто мектеби**

**Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары.**

**1. Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга,окуучуларга, анын ичинде денсоолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга окутуунун күтүлгөн (пландаган) натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресустардын (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу куралдары,техника жана башка ресурстар) болушу;**

Мектептин техникалык базасы: Мектептин терезелери толугу менен алмаштырылды. Учурда мектепти жылытуу системасы толугу менен алмаштырылып ишке киргизилди. Окуу кабинеттери, залдар жылуу. Көп жылдан берки мектептин суугу да билим берүү сапатынын төмөндөөсүнө терс таасирин тийгизбей койгон жок.”Чонойуп бойго жетебиз” долбоору менен биргеликте иш жүргүзүлүп,мектептин 3 кабатында ички дааратканалар ишке киргизилди, ар бир кабатта кыздар үчүн 2 очко,балдар үчүн 2 очко орнотулду. Баардыгы 12 очко бул санитардык нормага ылайык эсептелген. Ар бир кабаттын, кыздар үчүн бөлүгүндө ысык суу менен камсыздалды. Кыздардын гигиена маселелерине байланыштуу толук шарттар түзүлдү. Ар бир кабинада эшик орнотулган, ичинен илгич менен илинет. Учурда суу киргизилип, дааратканадан кийин окуучулардын колун самындап жууганы, окуучулардын ден соолугун чыңдоонун бир булагы болду.Мектеп окуучуларынын тамактануусун жакшыртуу максатында мектеп ашканасы капиталдык ремонттон өткөн. Бул ремонтко мектептин электро-монтаждык иштери, канализация жана суу түтүктөрүн оңдоо да кирет. Мектеп ичиндеги баардык эшиктер жаңы жыгач эшиктерге алмаштырылды. Мектеп айланасын жашылдандырууга мектеп короосуна суу түтүктөрү орнотулуп, суу чыгарылды. Мектептин от жагуучу жайына жылытуу меши орнотулду. Мектептин чатырындагы сынык шиферлер айрым бөлүктөрүндө жаңы шиферлерге алмаштырылды. Мектептин от жагуучу жайы толук капиталдык ремонттон өттү, көмүркананын урап калган бөлүгүнө жаңы дубал тургузулду. Балдардын тамактануусунун сапатын жакшыртуу, витаминдүү тамак аш менен камсыздоо максатында мектеп бакчасына 290 түп алма көчөтү отургузулду.

Мектептин китепканасы окуучулардын өздүк билимин жогорулатууга көмөк көрсөтөт. Мектеп китепканасы окуучулардын биринчи маалыматтык борбору. Мектеп китепканасы администрация тарабынан бекитилген план боюнча иш жүргүзөт. Китепкананын фонду төмөнкү милдеттерге ылайык толукталат:

- окурмандарды өзүнө керектүү болгон маалыматтарды таба билүүгө үйрөтүү,

- окуучуларда эстетикалык, адеп-ахлактык, экологиялык маданиятты калыптандыруу, сергек жашоого кызыктыруу.

Китепкананын фондунун учету төмөнкү документтер аркылуу жүргүзүлөт.

*суммардык китеп

*окуу фондунун суммардык китеби

*инвентаризациялык китептер

*жараксыз болгон китептердин актылары *окуу китептеринин картотекасы*окуу китептеринин накладнойлору*окуу китептерин таратуу журналы

Иш кагаздары убагында толтурулуп, жараксыз болгон китептер өз убагында чыгышталат.Жабдылышы:стол, парталар,стеллаж, китеп шкафтары жана башкалар.

| Мектеп китепканасынын фонду | Окуу китептеринин саны | Көркөм окуу китептеринин саны | Методикалык колдонмолор |
|---|---|---|---|
| 3309 | 2266 | 1425 | 161 |

Мектепте баардыгы: 1 ноутбук, 7 компьютер, 1 принтер, 4 телевизор, интерактивдүү доска, 1 проектор, спорт инвентарлары бар. Мектепке интернет киргизилген. Тилеке каршы мектепте интерактивдүү доска башынан эле иштебейт. Мектептин тегереги тосулган эмес, видеокамералар орнотулган эмес,мектептин короосунун абалы өтө начар абалда, брусчатка төшөтүү зарылдыгы бар. Жалпы мектептин ичине толук капиталдык ремонт керек, анткени дубалдардарга аки таш жукпайт, шыбагы эскирип, урап түшүп баштады. Мектеп фасадын жаңыртуу керек. Жакынкы беш жыл аралыгында бул керектөөрөрдү камсыз кылуу пландаштырылууда.**1.1 Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарын жана бөлмө-жайларынын болушу;**Санитардык-гигиеналык ченемдин негизинде окуу бөлмөлөрү өз учурунда желдетилип, хлорлуу аралашма менен жумасына жуулуп, тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Окуу кабинеттерин бирдей температурада кармоо максатында ички жылуулукту өлчөөчү термометр ар бир окуу кабинетинде илинген жана баардык кабинеттер жашылдандырылган. Өрт жана техникалык-коопсуздук боюнча тийиштүү жабдыктар нускамалар илинип коопту жагдайда окуучуларды эвакуациалоого планы менен толукталган. Кызматкерлердин жана окуучулардын билим алуусунда коопсуздукту сактоо жана уюштуруу максатында өрт кызматы,санитардык-гигиеналык борбор, ИИМ кызматкерлери менен биргелешкен иштер аткарылат.

**Мектеп имараты жана инфраструктурасы**

| № | 1-группа | саны | № | 2-группа | саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу кабинеттери | 19 | 1 | Спорт-аянтчасы | 2 |
| 2 | Адмистративдик бөлмөлөр | 4 | 2 | Спорт зал | 1 |
| 3 | Дааратканa (ички сырткы) | 12очко 4очко | 3 | Музыкалык бөлмө | - |
| 4 | Тил боюнча оку кабинеттери | 5 | 4 | Ашкана | 1 |
| 5 | Окуу кабинеттери (информатика ,эмгек) | 3 | 5 | Акт залы | 1 |
| 6 | Лабораториялар (химия, физика) | - | 6 | Эмгек үйрөтүү кабинети | 1 |
| 7 | Библиотека (китепкана жалпы саны) | | | | |
| 8 | Китеп сактоочу бөлмө,архив | 2 | | | |

**1.2 Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу;**

Мектептин китепканасында окуу жана иштөө үчүн тиешелуу шарттар түзүлгөн.

Китепканада 8 орундуу окуу залы бар.

**1.3 Тамактануу үчүн тиешелүү шарттардын ( ашкана же буфет), ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу;**Быйылкы жылга чейин мектептин ашканасы капиталдык ремонттон өткөн, окуучулардын тамактануусуна толук шарт түзүлгөн. 96 орунду тамактанууга ылайык. Окуучулардын колдорун жууп турушуна 3 кол жуугуч ысык, муздак суусу менен орнотулган. Ашканага керектүү жабдыктар менен камсыздалган. Медпукт мектепте жок.

**1.4 Окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү үчүн тиешелүү адам ресурстарынын ( мугалимдер, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык кызматкерлер, психологдор, логопеддер, социалдык педагог) болушу;**

Мектепте соц.педагог, тарбия завучу, класс жетекчилер, мугалимдер бар.

Психолог, логопед, медициналык кызматкер жок.

**1.5 Билим берүү уюмунун материалдык техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн механизимдин болушу.**

Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо демөөрчүлөрдү тартуу, эл аралык уюмдар менен иш алып баруу улантылууда.

**Тыянак:**

**1.**Мектепте окуу-тарбия ишине толук шарттар түзүлгөн.

**2.**Заманбап технологиялардын жоктугу.

**Сунуштама:** Демөөрчүлөрдүн жардамы менен заманбап технологиялар менен камсыздоонун үстүндө иштөө.